# Түнкү саякат



Автор: Айдай Бекбоева

Сүрөтчү: Элтуран Максатбек уулу

# Түнкү саякат

Автор: Айдай Бекбоева
Сүрөтчү: Элтуран Максатбек уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Түнкү саякат» (кыргыз тилинде), автор Айдай Бекбоева, сүрөтчү Элтуран Максатбек уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Айтумар кечинде терезеден  Айды карады. Эмнегедир, «Ай үшүп калбас бекен?» деген ойго кетти.  Ай жаңы жаңырып ичке тартып, сулуу эле. Оюнда Айдын иймек жерине отуруп, түнкү дүйнөнү өз көзү менен көргүсү келчү. Уйкусу келип көзү жумулуп кетип жатты. Терезеге Ай жакын келип, шыбырады...

Көрсө, Ай гүлдөрдүн сулуулук сынагына калыс болгону бара жатыптыр.

– Ий, каап, мен да кооз көйнөгүмдүн бирин кийип алсам болмок экен...



Мына кызык! Башкы калыс Роза гүлү, өтө сымбаттуу экен. Жанында тикенектүү, тоголок семиз Кактус отурат. Улам бир таанышын көргөн сайын, шляпасын чечип, кайра кийип учурашып жатты. Анын берки жагына Мамыры гүлү, ал эми эң четки орундукка Ай отурду.



Аңгыча ар тараптан жарыктар жандырылып, ортого Коңгуроо гүлү чыгып коңгуроосун каккылап, сүйлөй баштады:

– Урматтуу, айымдар жана мырзалар! Көңүл бургула! Гүлдөрдүн гүлү тандалат! Бүгүнкү кеч эч унутулгус кечтерден болот!

Баары кол чаап, кубатташты.



Кырк аяк чуркап жарык берип жүрдү. Дицентра гүлдөрү тизилишип музыка ойношту. Зал тынчтанды. Аңгыча эле асман чагылышып, кооз ат араба менен көйкөлгөн көгүш көйнөктүү Хризантема гүлү келди. Арабадан чыга келгенде, залдагы эл «дуу» эле боло түштү.

Бардыгы гүлдүн сулуулугуна баа беришти.

Хризантема гүлүнүн ширесинен адам өмүрүн узарткан дары, дүйнөдө түркүн тамак-аш, таттуулар жасаларын айтып сыймыктанды.

– Ой, карасаңар, тигил кандай шумдук? – дешип залдагылар чурулдай баштады.



Тээ алыстан бир нерсе учуп келе жаткан. Ал жакын келгиче ар ким ар кандай ойду жооруду. Көрсө учуучу пил экен. Пилдин жабдыктары өзгөчө болуп турат.

Учуучу пил менен Гладиолус келип түштү. Ал Түндүк Африкадан келгенин, ишеничтин, бекемдиктин, ар-намыстын белгиси экендигин айтты. Үлбүрөгөн желекчелеринин бирин Айтумардын чачына кондурду да, көзүн кысып койду.



– К-ы-з-ы-к! Ушундай да болот экен, ээ?! – деп Айтумар аң-таң калды.

– Кийинки гүлүбүз Каакым! – деп Коңгуроо гүлү залды жаңыртып жарыялады.

Каакым гүлү сары шляпасын кийип, жалбырактары белине жарашып турат. Баскан сайын үрпүктөрү залга толуп, учуп, жаалданган эл керемет көрүнүшкө туш болушту.  Өзүнүн дарылык касиетин, кааласа, үпүрүктөрүн жер жүзүнө тарарын айтты.

– Баары шатырата кол чабышты. Жарайсың! Жарайсың! – деген үндөр угулуп жатты.


– Кактус адатынча ага да суктанып жатты. Каакым бир үрпүгүн ага узатты.

Бир маалда алаканын чапты эле, үрпүктөрү жерге төшөлүп калды. Каакым үрпүктөрдүн үстүндө басып бара жатты. Дал ушул жомоктогудай керемет  көрүнүш өмүр бою эсимде калат...



– Көңүл буруңуздар! Көңүл буруңуздар! Кийинки гүлүбүз Ромашка! Ал айтуяк жаныбар менен келди.

Жаныбар тыбырчылап, кишенеп, бирок элдин алдына келгенде жүгүнүп, Ромашканы аярлык менен үстүнөн түшүрдү. Анын аппак желекчелери менен сары жүрөкчөсүнөн эл көзүн алалбады.



– Башынан шляпасын алып, – Кактус ага да жылуу жылмайып, кайра тоголонуп ордуна отура калды.

– Хи-хи-хи! Тигини, тигини! – дешти залда отургандар.

– Мамыры гүлү Ромашка досун көрө калып, кол булгалап, учурашты.

Бир убакта жарык өчүп калды. Айтумар чыйпыйы чыга түштү. Кырк аяктар ары-бери тызылдап чуркашып, жарыкты кайрадан жандырышты. Эл ышкырып, кыйкырып ызы-чуу боло түштү.

– Урматтуу көрүүчүлөр! – деп, сөзүн улады Коңгуроо гүлү. Тынчтангыла! Наристеге күлкү тартуулаган, дүйнө эли суктанган гүл – Жоогазын!




Жоогазын арабасы менен жаркыраган жылдыздардын коштоосунда келип түштү. Жылдыздар залды ого бетер жарык кылды.

Ага Роза гүлү, Кактус, Мамыры да ордуларынан туруп урмат көргөзүштү. Кактус тоголонуп, эмне дээрин билбей тердеп-кургап чыкты.

– Чиркин! Мойнундагы галстугун кармалап тердеп да кетти. Ушундай да сулуулук болот экен, ээ!

Жоогазын отурган элге урматын билдирип, таазим кылды.



– Кийинки сулуу Незабудка гүлү, – деди коңгуроосун кагып Коңгуроо гүлү.

Ажайып көркөмү менен көк маржан гүлү чыркылдаган чымчыктардын коштоосунда келди. Чымчыктар ооздоруна ичке жипти илип алып, чырылдашып, канаттарын болушунча каккылашып, аны тегеректеп учуп жүрүштү. Ажайып көрүнүш! Незабудка гүлүнүн көгүш желекчелерин айтпа! Ортосундагы сары уячасы күндүн өзүндөй.



– Кактус ордунан секирип туруп, гүлгө урматын көргөзөм деп жатып, кайра тоголунуп жыгылды. Аны көргөндөр күлүп калышты.

Бир убакта алыстан шылдыраган үн чыкты. Чекеси алтын жалатылган ак арабадан аппак Ландыш түштү. Отургандардын баары назик гүлгө көңүл бурушту. Кайталангыс бир укмуш жыпар жыт залга тарады. Жипке тизилген шурудай аппак гүлдөрдү отурган меймандарга сунуп жатты. Айтумардын мойнуна да гүл тагылды.




Роза гүлүнө тим эле куп жараштты. Мамыры гүлү абдан кубанды. Айдын мойнуна да илинди. Кактус мойнундагы шурусун кармалап, жыттагылады.

Конкурс башталды. Ар бир гүл ичинен мени тандаса экен деп  кыялданып турду. Калыстар да көпкө баш катырышты. Коңгуроо гүлү калыстардын жанына басып барып, калыстар менен кеңешип жатты.



Ар бир гүл өзүнчө кайталангыс сулуу, бирок, сынак деген сынак экен. Акыры кыпкызыл Жоогазын гүлүнө “Гүлдөрдүн ханышасы” наамы буюрду окшойт. Айтумар Жоогазындан көзүн ала албай турду.

– Айтумарды карап, кеттикпи дегендей Ай белги берди.





– Эртең да келебизби? – деп Айды жалооруй карады.

– Ай анын жүзүн сылап, чарчадың, эс ал. Эртең, эртең... – дегиче, Айтумар таттуу уйкудан ойгонуп кетти. Караса, жанында ландыш шурусу жатыптыр.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Айдай Бекбоева
Сүрөтчү: Элтуран Максатбек уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли